# тарых




**• АБДЫШ-АТА •**

**ӨТКӨН - УЧУР - КЕЛЕЧЕК**

прошлое – настоящее - будущее




1929-жылы азыркы Бишкек шаарынан алыс эмес жерде республикадагы алгачкы кант заводунун курулушу башталган. 1931-жылы 31-декабрда завод ишке берилип, 1932-жылдын 12-февралында биринчи кант чыгарылган.
1929-жылы заводдун курулушуна келген жумушчулар үйлөрдү салышып, акырындап чакан кыштак пайда болот да, ал Кант кыштагына өсүп жетилет. 1936-жылга чейин завод партиянын райкомунун биринчи катчысы Шахрайдын атын алып жүргөн, ал эми 1936-жылы М. Фрунзе атындагы Кант заводу деп аталып калган.

В 1929 году недалеко от нынешнего города Бишкек началось строительство первого в республике сахарного завода. 31 декабря 1931 года завод был пущен в эксплуатацию, а 12 февраля 1932 года выпустили первый сахар. В 1929 году прибывшие на строительство завода рабочие построили дома, так появилось сначала небольшое поселение, а после - поселок Кант, что в переводе с кыргызского языка означает сахар. До 1936 года завод был назван именем первого секретаря райкома партии Шахрая, а в 1936 году переименован в Кантский сахарный завод имени М. Фрунзе.



1984-жылы кант заводу кондитерлик фабрика болуп кайра түзүлүп, «Вернер Пфляйдерер» аттуу немис жабдуусу менен печенье, пряник, карамель, «Крекер» печеньелерин чыгарышчу. Андан тышкары «Буратино», «Дюшес», «Тархун», «Мандарин», «Лимон», «Апельсин» жана «Ала-Тоо» лимонаддарын да чыгарышат. 1994-жылдан бүгүнкү күнгө чейин «Ысык-Ата» табигый ичүүчү суусун да чыгарышууда.

В 1984 году сахарный завод был перепрофилирован в кондитерскую фабрику, выпускали печенье, пряники, карамель, печенье «Крекер» на немецком оборудовании «Вернер Пфляйдерер». Также разливали лимонады «Буратино», «Дюшес», «Тархун», «Мандарин», «Лимон», «Апельсин» и «Ала-Тоо» на травах.
С 1994 года по настоящее время разливают природную питьевую воду «Ысык-Ата».



Сакебаев Абдыш Алымкулович 30 жыл эмгектенип, анын 24 жылын директор болуп иштеп, бул заводго өмүрүнүн көбүн арнады. Аны билгендер эң мыкты жетекчи жана насаатчы катары эскеришет.

1996-жылы жумушчулардын өтүнүчү менен ишкана жана ал жайгашкан көчө М. Фрунзе атындагы Кант заводунун мурдагы директору Сакебаев Абдыш Алымкуловичтин атынан А. Сакебаев атындагы «Тунгуч-Кант» МАК болуп кайра түзүлгөн. Кийинчерээк анын уулу Советбек Абдышевич да атасынын жолун жолдоп, атасынын жаркын элесине арнап заводго атын бердирүүгө кам көрөт.

Сакебаев Абдыш Алымкулович посвятил заводу большую часть своей жизни, проработав на нем 30 лет, из них 24 года - директором, о нем вспоминают как об отличном руководителе и прекрасном наставнике.

В 1996 г. по инициативе работников предприятия, было переименовано в ГАО «Тунгуч-Кант» им. А.Сакебаева, в честь экс директора Кантского сахарного завода им. М. Фрунзе Сакебаева Абдыша Алымкуловича. Одновременно одна из улиц, была переименована в его честь. Позже его сын Советбек Абдышевич продолжил дело, как дань памяти директору и отцу.



1998-жылдын январь айында завод банкрот болду деп жарыяланып, толук жоюлуп кетүү босогосунда турган. Бактыга жараша, 1999-жылдын 29-январында Сакебаев Советбек Абдышевич атайын администратор болуп даиындалат. Кондитердик жабдууну сатууга уруксат алып, мамлекет алдындагы карыздарынан кутулат да, сыра өндүрүшүнө керектүү жабдууларды сатып алат.
2000-жылдын июлунда А.Сакебаев атындагы «Тунгуч-Кант» мактын активдери коммерциялык аукциондо сатылып, жаңы ишкана - «Абдыш-ата» жчксы түзүлөт.

В январе 1998 года Правительством Кыргызской Республики завод объявлен банкротом, на грани полной ликвидации. Однако 29 января 1999 года специальным администратором пришел работать Сакебаев Советбек Абдышевич. Получив разрешение на продажу кондитерского оборудования, рассчитался с долгами перед государством и закупил оснащение для пивного производства.
В июле 2000 г. активы ГАО «Тунгуч-Кант» имени А. Сакебаева были реализованы на коммерческом аукционе, и образовано новое предприятие - ОсОО «Абдыш-Ата».

Атамекендик сыранын биринчи партиясы 2000-жылдын 1августунда чыгарылган. «Абдыш-Ата» компаниясы суткасына «Наше» сода маркасындагы сыралардын бир нече эксперименталдык ящиктеринен баштайт да, акырындык менен –өндүрүштүн көлөмүн көбөйтө баштайт. Бир жылдан кийин эле завод өз пайдубалын бекемдеп, республиканын сыра өндүрүүчү алдыңкы ишканасына айланат.

Первая партия отечественного пива была сварена 1 августа 2000 года. Компания «Абдыш-Ата» начинала с нескольких экспериментальных ящиков в день, пива торговой марки «Наше». Уверенно набирая и увеличивая обороты, через год завод крепко стоял на ногах, став ведущим пивоваренным предприятием республики.




Компания өндүргөн продукциянын ассортименти бара-бара кеңейип, сыранын «Шахтерское», «Московское», кийинчерээк «Живое», «RedSun», «Urban 312» сыяктуу улам жаңы бренддери пайда боло баштайт. Алкоголсуз суусундуктардын өндүрүшү да четте калган жок: «Максым» улуттук суусундугу, «Боярский» квасы, «Ысык-Ата» табигый ичүүчү суусу, «Живая Сила» витаминдүү суусундугу жана «Nitro» энергетикалык суусундуктары да чыгарыла баштайт. Сыра кайнатууга алгачкы кадамдарын таштаганда эле компания өз өндүрүшүндө табигый компоненттерди гана пайдаланууга багытталган, ошол багытынан жазбай келе жатат.

Ассортиментная линейка продукции компании постепенно расширялась, появлялись новые пивные бренды, такие как «Шахтерское», «Московское», а позже «Живое», «RedSun», «Urban 312» и другие. Было налажено производство безалкогольных напитков - национального напитка «Максым», кваса «Боярский», природной питьевой воды «Ысык-Ата», витаминизированного напитка «Живая Сила» и энергетического напитка «Nitro». С первых шагов в пивоварении компания взяла курс на использование натуральных компонентов.



Бүгүнкү күндө «Абдыш - Ата» ЖЧКсында 1000ден ашык жумушчу эмгектенет. Компания өз кызматкерлерин коопсуз жана натыйжалуу иштөөлөрү үчүн керекүү нерсенин бардыгы менен камсыздап келет. Аз камсыз болгон жардамга муктаж үй-бүлөлөргө жардам берип, колдоосун аябайт. Ишканада сыра цехи, алкоголсуз суусундуктар цехи жана өндурулгөн продукциянын сапатына жооп берүүчү аккредиттелген борбордук лабораториясы бар. «Абдыш - Ата» - ISO (ИСО) 22000 эл аралык сертификатына ээ болгон Кыргызстандагы саналуу компаниялардын бири. ISO сертификаты эл аралык текшерүүдөн өткөн жана тамак-аш азыктарынын коопсуздугун текшерүүчү системага тура келген компанияларга гана берилет.

Сегодня в ОсОО «Абдыш-Ата» работают более 1000 сотрудников. Компания обеспечивает своих сотрудников всем необходимым для безопасной и продуктивной работы, оказывая помощь и поддержку малоимущим и неполным семьям. На предприятии действует пивной цех, безалкогольных напитков и аккредитованная центральная лаборатория, отвечающая за контроль качества выпускаемой продукции. «Абдыш-Ата» - одна из немногих компаний в Кыргызстане, которая имеет международный сертификат ISO (ИСО) 22000.
Данный документ, выдается компаниям, прошедшим международную проверку и соответствующим системе управления безопасностью пищевых продуктов.



«Абдыш-Ата» ишканасынын жетекчилиги спорттун өнүгүшүнө жана жумушчулары менен алардын үй-бүлөлөрүнүн маданий эс алуусуна өзгөчө көңүл бурат. Компания салып берген спорт аянтчасында кызматкерлер футбол, волейбол, баскетбол жана теннис ойношот. Бир нече ден соолук тобу иштейт, машыгуу залы, йога залы бар. Бул спорт аянтчаларына Кант шаарынын жана Ысык-Ата районунун каалаган жашоочулары келип машыга алышат. Ири спорт мелдештери жана райондук масштабдагы башка иш-чаралар борбордук стадиондо өтөт. «Спорт Сити» жана «Нитро Арена» спорт-комплекстеринде ишкананын заманбап деңгээлде жабдылган футбол аянттары бар.

На предприятии «Абдыш-Ата» большое внимание уделяется развитию спорта и культурно-массовому отдыху работников и их семей. На территории спорткомплексов, построенных компанией, сотрудники играют в футбол, волейбол, баскетбол и теннис. Работают многочисленные группы здоровья, действует тренажерный зал, зал йоги, куда ходят заниматься спортом все желающие жители г.Кант и Ысык-Атинского района. Крупные спортивные соревнования и другие мероприятия районного масштаба проводятся на центральном стадионе. Предприятие имеет обустроенные на современном уровне футбольные поля в спорткомплексах «Спорт Сити» и «Нитро Арена».




«Абдыш-Ата» футбол клубу сыра өндүрүшү жаңыдан ишке кирип жатканда, аны менен чогуу негизделген. Алгач команданын аталышы да заводдукундай эле «Туңгуч» болгон. 2001-жылы команда «Абдыш-Ата» ФК деп аталып, анын курамында тажрыйбалуу адискөй оюнчулар менен катар таланттуу жаш оюнчулар да пайда боло баштайт. Команданы машыктырууга Кыргыз Республикзсынын эмгек сиңирген машыктыруучусу Валерий Николаевич Низовцев чакырылат. Ошондон тартып 16 машыктыруучу алмашты. 2003-жылдан бери футбол клубу Кыргызстандын Жогорку лигасын калтырбастан катышып, жыл өткөн сайын Кыргызстандын футболунда эле эмес, өлкөнүн чегинен тышкары да көзгө көрүнүктүү команда экендигин тастыктап келе жатат.
Клубдун үйдөгү стадиону - Кант шаарындагы «Нитро Арена».

Футбольная команда «Абдыш-Ата» была основана в 2000 году при заводе, практически одновременно с запуском пивоваренного производства. Изначально название команды, как и завода, было «Тунгуч».
В 2001 году команда была переименована ФК «Абдыш-Ата», и вскоре в ее составе появились опытные профессиональные игроки и талантливая молодежь. Тренером в клуб был приглашен Валерий Николаевич Низовцев, «Заслуженный тренер Кыргызской Республики». С тех пор сменилось 16 тренеров, и с сезона 2003 года Футбольный клуб беспрерывно выступает в Высшей лиге Кыргызстана, и за пределами страны. Домашний стадион клуба - «Нитро Арена» в городе Кант.



«Абдыш-Ата» компаниясы бизнес коом алдында социалдык жоопкерчиликке ээ болуш керек деген принцип тутунат. Компаниянын бардык кызматкерлеринин жакшы иштерди жасоого умтулуусу; өлкөнүн келечеги үчүн коомдун алдындагы социалдык маселелерди бүгүн чечүүгө кайдыгер карабоосу, аларды чечкенге катышуусу жалпы корпоративдик ой жүгүртүүнүн негизин түзөт. Компания кайрымдуулук иштерин расмий сода өкүлчүлүктөрү аркылуу Кыргызстандын бардык аймактарында комплекстүү жүргүзүп келет.

Компания «Абдыш-Ата» придерживается принципов социальной ответственности бизнеса перед обществом. Основой всего корпоративного мышления является сопричастность и неравнодушие всех сотрудников компании к благим делам, к решению социальных проблем и задач, стоящих перед обществом сегодня, чтобы построить будущее страны завтра. Комплексная работа благотворительного направления компании ведется во всех регионах Кыргызстана - через официальные торговые представительства компании.



Чүй облусунун айыл аймактарында «Абдыш-Ата» жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте «Абдыш-Ата» футбол клубунун футбол филиалдарын түзгөн. Спортчулар өз мектептеринин базасында денетарбия мугалимдеринин жетекчилиги алдында машыгып келишет. Бардык филиалдар спорттук инвентарь жана экипировка менен жабдылган. «Абдыш-Атанын» футбол командалары, мындан сырткары, Чүй облусунун балдар үйлөрүнө, интернаттарына да барып, балдарга футбол боюнча мастер-класстарды көргөзүшүп, спорт кийимдерин жана башка белектерин беришип, көңүлдөрүн көтөрүп келишет. Спортту жана дени сак жашоо образын жайылтуу максатында Кыргыз Республикасынын бардык облустарында футбол боюнча системдүү турнирлер өтүп турат.

«Абдыш-Ата» совместно с органами местного самоуправления создали футбольные филиалы футбольного клуба «Абдыш-Ата». Спортсмены тренируются на базе своих школ, а тренерами являются учителя физической культуры. Все филиалы обеспечены спортивным инвентарём и экипировкой. Также футбольные команды «Абдыш-Ата» постоянно выезжают в детские дома, интернаты Чуйской области, показывают детям-сиротам мастер-класс по футболу, дарят спортивную одежду и инвентарь. По всем областям Кыргызской Республики систематически проводятся турниры по футболу в целях популяризации спорта и здорового образа жизни.



Бүгүнкү күнү «Абдыш-Ата» Ата мекендик базардын 90% камтуу менен, республикадагы алдынкы эң, ири компаниялардын бири болуп саналат. Ал өзүнүн Кыргызстан ичинде өткөрүлгөн кайрымдуулук долбоорлору жана маанилүү иш-чаралардын демөөрчүсү катары да кеңири белгилүү. Компания өндүрүшкө жаңы инновацияларды киргизип, техникалык жабдууларды улам жаңылоо менен дайым өсүп-өнүгүп келет. «Абдыш-Ата» жүз жылдык бай тарыхка ээ уникалдуу жана туруктуу компания болуп саналат.

Сегодня ОсОО «Абдыш-Ата» является одним из крупных промышленных предприятий республики, охватывая 90% отечественного рынка. Она широко известна своими благотворительными проектами, а также спонсорской поддержкой важных мероприятий для Кыргызстана. Компания постоянно совершенствуется, внедряя инновации в производстве и модернизируя техническое оборудование. Это уникальная и стабильная компания с богатой историей, насчитывающей около ста лет.